## Банктар аралык кредит рыногу

2016-жылдын октябрь айында банктар аралык кредит рыногунда өткөн мезгилдерге салыштырмалуу бүтүмдөрдүн суммардык көлөмүнүн жогорулашы байкалган, ай ичинде операциялардын көлөмү 622,6 млн сомду түзгөн. Январь айынан тартып октябрь айына чейин банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 5,7 млрд сомду түзгөн. Банктык ликвидүүлүктүн түптөлгөн жогорку деңгээли шарттарында банктар аралык чендер төмөн бойдон калган. Октябрь айында пайыздык чендер 1,86 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Айрыкча октябрь айында өткөн айга салыштырмалуу рыноктун катышуучуларында репо операцияларын жүргүзүү боюнча жогорку жигердүүлүк байкалган, ишке ашырылган бүтүмдөрдүн жалпы суммасы 513,0 млн сомду түзгөн; орточо салмактанып алынган чен мурдагыдай эле жыл башында түптөлгөн ченге караганда 1,93 пайызды түзүү менен төмөн бойдон калган.

## Акча базасынын өзгөрүүсү

Октябрь айынын акырына карата камдык акчалар деңгээли 80,2 млрд сомду түзгөн (жыл башынан тартып 19,5 пайызга көбөйүү), жылдык өсүш 18,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Акча базасынын түзүмүндө эң жогорку салыштырма салмакты 89,1 пайыз жүгүртүүдөгү акчалар ээлейт, башка депозиттик корпорациялардын камына 10,9 пайыз туура келет.

Октябрь айында Улуттук банк тарабынан арылтуу боюнча операцияларды ишке ашырууга чейин банк тутумунда үстөк ликвидүүлүктүн орточо күндүк көлөмүнүн бир аз жогорулашы байкалып, ай ичинде анын мааниси 13,5 млрд сом деңгээлинде түптөлгөн, ошол эле учурда сентябрь айындагы тиешелүү көрсөткүч 12,1 млрд сомду түзгөн.

Улуттук банк мындай түптөлгөн шарттарда төмөнкү арылтуу операцияларын ишке ашырган:

- 7 күндүк ноталардын сатуу көлөмү 89,0 млрд сомду түзгөн;
- кабыл алынган “овернайт” депозиттеринин дүң көлөмү – 1 521,8 млрд сомду түзгөн.

Октябрь айында Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн арылтуу операцияларынын орто күндүк көлөмү өткөн мезгилдердин орто күндүк маанилеринен жогору болуп, ай ичинде 12,1 млрд сомду түзгөн. Октябрь айында үстөк ликвидүүлүктү алып салуу боюнча операциялар көлөмүнүн көбөйүшү арылтуудан кийин үстөк камдын жалпы деңгээлинин 1,5 млрд сомго чейин төмөндөшүнө таасирин тийгизген. Бүтүндөй январь-октябрь айлары үчүн арылтуу боюнча операцияларды жүргүзгөнгө чейин үстөк камдын орто күндүк деңгээли 10,9 млрд сомду түзгөн (арылтуудан кийин – 1,3 млрд сом).

Жыл башынан тартып экономиканын оң өсүш арымдарын колдоо жана реалдуу секторду кредиттөөнү кеңейтүү максатында Улуттук банк тарабынан узак мөөнөттүү ликвидүүлүктү сунуштоо боюнча операциялар ишке ашырылган, мында операциялардын негизги көлөмү I чейрекке туура келген.

- ипотекалык кредиттерди чет өлкө валютасынан улуттук валютага конвертациялоо программасынын алкагында коммерциялык банктарга 1,9 млрд сом көлөмүндө кредиттер сунушталган;
- өлкөнүн региондорунда айыл чарбасын жана кайра иштеп чыгууну мындан ары да каржылоо максатында коммерциялык банктарга кредиттик аукциондордун алкагында 1,4 млрд сом сунушталган;
- Кыргыз Республикасы тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин көлөмү 541,0 млн сомду түзгөн;
- ички рынокто 824,3 млн сом өлчөмүндө алтын сатылып алынган.

2016-жылдын 10 айы ичинде Улуттук банктын операциялары экономикада орун алган камдык акчалардын деңгээлин 0,9 млрд сомго азайткан, ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операциялары 14,0 млрд сомго көбөйткөн.

Ички валюта рыногунда валюталык интервенциялар алмашуу курсунун кескин өзгөрүүлөрүн текшилөө максатында гана жүргүзүлгөн. Улуттук банк январь-октябрь айларында айрыкча нетто-сатып алуучу катары иш алып барган, мезгил ичинде таза сатып алуунун көлөмү өтүп жаткан жылдын январь-сентябрь айларындагы 60,6 млн АКШ доллар деңгээлиндегидей калган, анткени октябрда валюталык операциялар ишке ашырылган эмес. 2016-жылдын 10 айы үчүн банктар аралык

валюта рыногунда операциялар аркылуу сомдук ликвидүүлүк 3,7 млрд сомго көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сомдун АКШ долларына карата курсу 9,5 пайызга бекемделген. Октябрь айынын акырында Улуттук банктын дүң эл аралык камынын көлөмү 1,9 млрд АКШ долларын түзүп, жыл башынан тартып 9,3 пайызга көбөйгөн эле.

### Акча топтомдорунун өзгөрүшү[1]

2016-жылдын октябрь айынын акырына карата кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 10,4 пайызга, 158,0 млрд сомго чейин көбөйгөн. Жылдык мааниде өсүш 13,6 пайызды, алмашуу курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда – 15,5 пайызды түзгөн.

Жыл башынан тартып башка депозиттик корпорациялардын депозиттеринин кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын түзүмүндө[2] өсүш (+3,1 пайыз) байкалган, бул айрыкча улуттук валютада депозиттердин 44,5 пайызга өсүшү менен байланыштуу болгон, ошол эле учурда валюталык депозиттерде төмөндөө (-16,8 пайыз) тенденциясы улантылууда. Башка депозиттик корпорациялардын депозиттеринин көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 92,8 млрд сомду түзгөн.

Экономикага каралган кредиттердин жалпы көлөмү[3] октябрь айынын жыйынтыгы боюнча 94,0 млрд сомду түзгөн. Ал эми 2016-жылдын январь-октябрь айларында кредиттер көлөмүнүн 2,5 пайызга төмөндөшү чет өлкө валютасындагы кредиттердин (-22,3 пайызга) кыскарышы менен шартталган, ошол эле мезгилде улуттук валютадагы кредиттер өсүшүн улантууда (+20,5 пайыз). Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, экономикага каралган кредит жыл башынан тартып 3,8 пайызга көбөйгөн.

Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте экономиканы доллардан арылтуу боюнча көргөн чаралары экономиканын долларлаштыруу деңгээлин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген. Экономикага каралган кредитти жана башка депозиттик корпорациялардын депозиттерин долларлаштыруу деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 42,7 пайыз жана 54,6 пайыз деңгээлинде калыптанган.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликатору[4] 1,971; М2 мультипликатору – 1,339 түзгөн.

### Нак акчаларды жүгүртүү

Улуттук банктын кассасына 2016-жылдын январь-октябрь айлары ичинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,5 млрд сомго же 1,0 пайызга азаюу менен 49,0 млрд сом келип түшкөн. Берүүлөр 62,1 млрд сомду түзүү менен 11,5 млрд сомго же 22,7 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын январь-октябрь айлары ичинде коммерциялык банктардын кассаларына 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 112,8 млрд сомго же 13,4 пайызга көбөйүү менен 954,0 млрд сом келип түшкөн. Берүүлөр 969,7 млрд сомду түзүү менен 125,0 млрд сомго же 14,8 пайызга көбөйгөн.

### Төлөм системасы

Өткөн айга салыштырмалуу операциялык күндүн акырына карата калдыктар боюнча ликвидүүлүктүн төмөндөшүнөн (13,1 пайызга) улам, эсептешүүлөрдүн гросстук системасында орто күндүк жүгүртүүнүн өсүшү (+18,2 пайызга) салыштырма көрсөткүчтөрдүн олуттуу өзгөрүшүнө алып келген. Системада жүгүртүү коэффициенти 2016-жылдын октябрь айы үчүн 1,58 (өткөн мезгилге салыштырмалуу өсүш 38,3 пайызды) түзгөн. Ал эми ликвидүүлүк коэффициенти 0,63 минималдуу

[1] Банк тутумунун алдын ала маалыматтары.
[2]Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин депозиттери.
[3] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери.
[4] Бул көрсөткүч финансылык ортомчулуктун даражасын мүнөздөйт.

мааниге ээ болгон (өткөн мезгилге салыштырмалуу 27,7 пайызга төмөндөө). Мында, системада финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.